Бекитилди
Кочкорбаев айылдык кенештин
"10" 06 2021ж
Токтому менен № 6/II-28

Койчукеев Э.С

**Статистикалык маалыматтарды жыйноо боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө**

**КЕЛИШИМ**

06.01.2021ж

**1. Келишимдин тараптары**

1.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Ысык-Ата райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн атынан мындан ары "мамлекеттик статистика органы" деп аталуучу «Ысы-Ата райондук мамлекеттик статистика бөлүмү жөнүндө» жобонун негизинде иштеген Эшкожоев Мирлан Суванкулович биринчи тараптан жана экинчи тараптан Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн «Кочкорбаев айыл аймагы жөнүндө» жобонун негизинде иштеген Керимкулов Эркин Казбекович Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" жана "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алуу менен төмөнкүлөр тууралуу ушул келишимди түзүштү.

**2. Келишимдин шарттары**

2.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.12.2014-ж. №715 токтомуна ылайык Ысык-Ата райондук (шаардык) мамлекеттик статистика бөлүмү Кочкорбаев айыл өкмөтү статистикалык маалыматтарды жыйноо боюнча төмөнкү мамлекеттик ыйгарым укуктарды берет:

1) үстүбүздөгү жылдын түшүмү үчүн себүү жөнүндө;
2) жазгы сугат иштерин жүргүзүү жана жаздык өсүмдүктөрдү себүү жөнүндө;
3) түшүмдү жыйноо, күздүк себүү жана тоңдурманы айдоо тууралуу;
4) айыл чарба мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн жана жүзүмдү дүң жыйноо жөнүндө;
5) айыл чарба өсүмдүктөрдүн түшүмүн жыйноо жөнүндө;
6) дыйкан (фермер) чарбаларында жана жарандардын жеке көмөкчү чарбаларында мал чарбачылык продукцияларын өндүрүү жөнүндө;
7) тоюттарды өндүрүү жөнүндө;
8) дыйкан (фермер) чарбалары тарабынан айыл чарба продукцияларын иштетүүдөгү көлөмү жана баалары тууралуу;
9) айыл чарба продукцияларын өндүрүүгө кеткен чыгымдар жөнүндө;

"Берилген ыйгарым уктар боюнча маалымат берүүнүн мезгилдүүлүгү жана мөөнөтү мамлекеттик статистика отчеттуулугунун формаларына ылайык каралып

"2-тиркеме Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жыл сайын бекитилүүчү Статистикалык иштердин программасына, Статистикалык иштердин графигине, Статистикалык отчеттуулуктун формаларынын табелине ылайык